**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын 2020-жылдын III чейреги ичиндеги ишине жүргүзүлгөн көзөмөлдүн (оверсайт) жыйынтыгы боюнча отчет**

**I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**

**1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**










*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер.* ГСРРВ системасынын 2020-жылдын III чейреги ичиндеги ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жүгүртүү коэффициентинин 26,90 пайызга жогорулагандыгы, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 21,20 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган. Өзгөрүүлөр динамикасы 1 жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 998,94 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 12,9 пайызга жогору, ал Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу өткөн операцияларынан улам келип чыккан.

Төлөмдөр көлөмүнүн ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына талдап-иликтөөлөрдүн негизинде, ликвиддүү каражаттардын деңгээли жүгүртүүгө карата жетиштүү болгондуктан системада финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу бойдон калгандыгын белгилөөгө болот.


*Операциялык тобокелдиктер.* Системада жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчеттук мезгилде 99,05 пайызды түзгөн, ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдик деңгээли системанын жалпы иш убактысынан 3,41 пайызын түзгөн (бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчкө караганда 57,70 пайызга жогору) жана ал катышуучулар иш регламентин узартуусу (2020-жылдын III чейреги ичинде узартуулардын жалпы убактысы 13 саат 50 мүнөттү түзгөн) жана 2020-жылдын 7-августундагы ГСРРВнын ишиндеги ички үзгүлтүк менен шартталган (суммардык убактысы 5 саат 30 мүнөттү түзгөн).

Үзгүлтүктөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен айдын акыркы 3 күнү ичинде жөнгө салынат.

## 2. Пакеттик клиринг системасы (ПКС)


*ПКСтеги финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде дебеттик таза позициянын акча каражаттар боюнча белгиленген кам өлчөмүнөн артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. 4-графикте көрсөтүлгөндөй, катышуучулар ПКСте жыйынтыктап эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн иш жүзүндө талап кылынгандан да көбүрөөк каражаттарды, орточо алганда 4,2 эсеге көп каражаттарды камга коюшкан.

*4-график. 2020-жылдын 3-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган камдын катышы (млн сом)*




*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* 2020-жылдын III чейрегинде ПКС ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,56 пайызды түзгөн. Системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 3,85 пайыз чегинде катталган, бул катышуучулар системанын иш регламентин узартуусуна байланыштуу (катышуучулардын мөөнөттү узартууларынын суммардык убактысы 14 саат 49 мүнөттү, анын ичинен максималдуу узартуу убактысы 4 саат 30 мүнөттү түзгөн) жана 2020-жылдын 29-августундагы системадагы техникалык үзгүлтүккө байланыштуу (жалпы убактысы 2 саат 0 мүнөттү түзгөн) келип чыккан.


**5-график. 2020-жылдын 3-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




## 3. «Элкарт» карттары менен эсептешүүлөр системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. Улуттук төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча «Элкарт» банктык төлөм карттары менен эсептешүү системасында 2020-жылдын III чейрегинде системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 99,77 пайызды түзгөн.

**6-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**




## II. Төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо

### 4. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу


Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2020-жылдын III чейреги ичинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 93 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 33,33 пайызын түзгөн;
- байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 49,46 пайызын түзгөн;
- аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 17,20 пайызын түзгөн.



7-график. 2020-жылдын 3-чейрегинде төлөм системалары операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери




Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдарды шарттаган эмес жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун башка катышуучуларына таасирин тийгизген эмес, бирок кардарлардын төлөм системаларынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө.

### 5. SWIFT сервис бюросунун иши

2020-жылдын III чейреги ичинде SWIFT сервис-бюросунун жеткиликтүүлүк коэффициенти 100,0 пайызды түзгөн.

Ошондой эле 2020-жылдын 11-июлунда, 15-августунда жана 13-сентябрында пландаштырылган алдын алуу иштери жүргүзүлгөн.

Улуттук банктын SWIFT сервис-бюросу жөнүндө жобосуна жана келишимдерге ылайык, SWIFT сервис-бюросунун катышуучуларына жүргүзүлүүчү иштер жөнүндө алдын ала маалымдалган. Мында, келишимдерге ылайык, штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта, коммерциялык банктар билдирүүлөрдү жөнөтүүнүн альтернативдүү каражаттарын пайдаланууга тийиш экендин белгилеп кетүү зарыл.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## III. Төлөм системасында операциялык тобокелдиктерди талдап-иликтөө

### 6. Санкциясыз ишке ашырылган операцияларды талдап-иликтөө

Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттордун алкагында төлөм карттары менен эсептешүү системаларында санкциясыз

ишке ашырылган операциялар боюнча алынган маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында, 2020-жылдын III чейрегинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 32 шектүү операция жүзөгө ашырылгандыгы жана «Элкарт Мобайл» тиркемесин колдонуу менен 52 санкциясыз операциялар ишке ашырылгандыгы катталган. Мындай операцияларды баалоо суммасы 406,7 миң сомду түзгөн, бул карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн 0,0002 пайызын түзөт.

1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтар

| *Санкциясыз ишке ашырылган операциялардын түрлөрү* | *2019-ж. 3-чей.* | | *2020-ж. 2-чей.* | | *2020-ж. 3-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакция** | **38** | **372 201,20** | **34** | **129 856,22** | **84,00** | **406 676,90** |
| *-Visa* | 29 | 367 152,80 | 34 | 129 856,22 | 32 | 313 341,60 |
| *-Элкарт* | 9 | 5 048,40 | - | - | 52 | 93 335,30 |
| **POS-терминал аркылуу транзакциялар** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - |
| **Накталай түрдө алуу** | **12** | **58 859,20** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| *-Visa* | 6 | 47 459,20 | - | - | - | - |
| *-Элкарт* | 6 | 11 400,00 | - | - | - | - |
| **Блокировкаланган транзакциялар** | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | - | - | - | - | - | - |
| **Бардыгы** | **50** | **431 060,40** | **34** | **129 856,22** | **84** | **406 676,90** |

Банктар карттардагы маалыматтардын бейтарап колдонушу мүмкүндүгүнө бөгөт коюу иштерин жүргүзүштү. Карт ээлерине акча каражаттарын кайтаруу үчүн төлөм системасынын эрежелерине ылайык териштирүү иштери жүргүзүлүп жатат.

**7. Катышуучулардын төлөм системаларынын иш үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**


Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2020-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын төлөм системаларынын ишине байланыштуу 677 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 26,59 пайызын түзгөн;
- байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 30,43 пайызын түзгөн;
- аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 42,98 пайызын түзгөн.

8-график. 2020-жылдын 3-чейрегинде коммерциялык банктарда орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери




Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдардын келип чыгышын шарттаган эмес жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун башка катышуучуларына таасирин тийгизген эмес, бирок алар банктардын аброюна, ошондой эле кардарлардын банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системаларынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Ошондой эле, коммерциялык банктардын пайда албай калуу тобокелдигин да шарттаашы мүмкүн.